| Q-2024-0011 (Документтин шифри) | Ош мамлекеттик университети |
|---|---|
| 16 бет (Беттин саны) | САПАТТЫ КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ |
| 19.04.2024-жыл (Бекитилген датасы) | “ОШМУНУН ЗАМАНБАП ОКУТУУЧУСУ” КОНКУРСУНУН ЖОБОСУ |

БЕКИТЕМ
ОшМУнун ректору
К. Г. Кожобеков

**ОКУТУУНУН САПАТЫ ЖАНА МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДОО БӨЛҮМҮ**

**“ОШМУНУН ЗАМАНБАП ОКУТУУЧУСУ” КОНКУРСУНУН ЖОБОСУ**

Ош, 2024-ж.

| Q-2024-0011 (Шифр документа) | Ошский государственный университет |
|---|---|
| 16 стр. (Количество страниц) | ПОЛИТИКА ОБЕСПЕЧЕНИЯ КАЧЕСТВА |
| 19.04.2024 г. (Дата утверждения) | ПОЛОЖЕНИЕ КОНКУРСА «СОВРЕМЕННЫЙ ПРЕПОДАВАТЕЛЬ ОШГУ» |

УТВЕРЖДАЮ
Ректор ОшГУ
Кожобеков К.Г.

**ОТДЕЛ КАЧЕСТВА ОБУЧЕНИЯ И МЕТОДИЧЕСКОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ**

**ПОЛОЖЕНИЕ**
**КОНКУРСА «СОВРЕМЕННЫЙ ПРЕПОДАВАТЕЛЬ ОШГУ»**

Ош, 2024, год

## ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТИН ПАСПОРТУ

| | |
|---|---|
| Документтин аталышы | Ош мамлекеттик университетинин “ОшМУнун заманбап окутуучусу” конкурсунун жобосу |
| Документтин теги | ОшМУнун сапатты камсыздоо саясаты |
| Документтин түрү | Жобо |
| Бекитилгендиги жөнүндө маалымат | 2024-жылдын 19-апрелиндеги ОшМУнун Административдик кеңешинин №22 протоколунун чечими менен бекитилген |
| Документтин шифри | **Q-2024-0011** |
| Документтин кыскача аннотациясы | Бул жобо “ОшМУнун заманбап окутуучусу” конкурсун өткөрүүнүн тартибин жана регламентин аныктайт |

**МАЗМУНУ**


| | | |
|---|---|---|
| 1. | Титулдук барак | 1 |
| 2. | Ченемдик документтердин паспорту | 2 |
| 3. | Шарттуу кыскартуулар | 3 |
| 4 | Жалпы жоболор | 4 |
| 5. | Конкурсту уюштуруу жана өткөрүүнүн тартиби | 5 |
| 6. | «ОшМУнун заманбап окутуучусу» конкурсунун катышуучуларынын укуктары жана милдеттери | 7 |
| 7. | Конкурстун финалдык этабы | 8 |
| 8. | Конкурстун жеңүүчүлөрүн жана финалисттерин сыйлоо | 9 |
| 9. | *1-тиркеме.* Конкурсуна катышуу үчүн арыз | 11 |
| 10. | *2-тиркеме.* Конкурска катышуучунун электрондук портфолиосу | 12 |


## ПАСПОРТ НОРМАТИВНОГО ДОКУМЕНТА

| | |
|---|---|
| Название документа | Положение конкурса «Современный преподаватель Ошского государственного университета». |
| Инициация документа | Политика обеспечения качества ОшГУ |
| Тип документа | Положение |
| Сведения об утверждении: | Утверждено решением Административного совета Ошского государственного университета, протокол № 22 от 19 апреля 2024 года |
| Шифр документа | **Q-2024-0011** |
| Аннотация документа | Настоящее Положение определяет порядок и регламент проведения конкурса «Современный преподаватель Ошского государственного университета» |

**СОДЕРЖАНИЕ**


| | | |
|---|---|---|
| 1. | Титульный лист | 1 |
| 2. | Паспорт нормативного документа | 2 |
| 3. | Условные сокращения | 3 |
| 4 | Общие положения | 4 |
| 5. | Порядок организации и проведения конкурса | 5 |
| 6. | Права и обязанности участников конкурса «Современный преподаватель Ошского государственного университета» | 7 |
| 7. | Финальный этап конкурса | 8 |
| 8. | Награждение победителей и финалистов конкурса | 9 |
| 9. | *Приложение 1.* Заявление на участие в конкурсе | 11 |
| 10. | *Приложение 2.* Электронное портфолио участника конкурса | 12 |

| | | |
|---|---|---|
| 11. | *3-тиркеме.* Конкурсунун финалдык туру боюнча баалоо барагы | 13 |
| 12. | *4-тиркеме.* “ОшМУнун заманбап окутуучусу ” конкурсунун финалдук турунда мастер-классты баалоо барагы | 15 |


## ШАРТТУУ КЫСКАРТУУЛАР

ОшМУ – Ош мамлекеттик университети
ОСМКБ – окутуунун сапаты жана методикалык камсыздоо бөлүмү
ПО курамы – профессордук-окутуучулук курам
ПЦК – предметтик циклдык комиссия
НББП – негизги билим берүү программасы
ОМК – окуу-методикалык кеңеш


| | | |
|---|---|---|
| 11. | *Приложение 3.* Оценочный лист финального этапа конкурса | 13 |
| 12. | *Приложение 4.* Оценочный лист мастер-класса в финальном туре конкурса «Современный преподаватель ОшГУ» | 15 |


## УСЛОВНЫЕ СОКРАЩЕНИЯ:

ОшГУ – Ошский государственный университет
ОКОМО – отдел обеспечения качества обучения и методического обеспечения
ППС – профессорско-преподавательский состав
ПЦК – предметно-цикловая комиссия
ООП – основная образовательная программа
УМК – учебно-методический совет

| | |
|---|---|
| **I. Жалпы жоболор**<br><br>1.1.Бул жобо “ОшМУнун заманбап окутуучусу” конкурсун өткөрүүнүн тартибин жана регламентин аныктайт.<br>1.2.Конкурстун уюштуруучусу болуп Ош мамлекеттик университети (ОшМУ) эсептелет. Конкурсту уюштуруп-өткөрүүнү ОСМКБ (Мындан ары – уюштуруу комитети) жүргүзөт.<br>1.3.Конкурс билим берүүнүн мазмунун жаңылоо боюнча педагогикалык кызматкерлердин чыгармачыл ишмердигин өнүктүрүүгө, чыгармачыл активдүүлүктү жогорулатууга, заманбап инновациялык иштелмелерди жана технологияларды колдоого, билим берүүчүлүк ишмердиктеги жетишкендиктерди стимулдаштырууга, коомдо билим берүүнүн приоритеттерин орнотууга багытталган.<br>1.4.Конкурс жалпы университеттик статуска ээ жана төмөнкү максаттарында уюштурулат:<br>- кесиптик жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн сапатын жогорулатуу;<br>- кесиптик билим берүүнүн азыркы системасы жөнүндө позитивдүү коомдук пикирди калыптандыруу;<br>- педагогдордун кесиптик чеберчилигин жогорулатуу;<br>- талантуу окутуучуларды аныктоо жана алардын чыгармачыл жана кесиптик потенциалын ачып көрсөтүү;<br>- компетенттүүлүк мамиленин негизинде окуу процессин уюштурууну жайылтуу.<br>1.5. Конкурс “ОшМУнун заманбап окутуучусу” номинациясы боюнча өткөрүлөт.<br>1.6. Конкурска педагогдук 5 жылдан кем эмес стажы бар, ошондой эле, окумуштуулук даражасынын бар же жок болушунан көз карандысыз ОшМУнун штаттык окутуучулары өз каалоосу менен катыша алышат.<br>1.7. Конкурс жөнүндө маалымат ОшМУнун сайтына жайгаштырылат. | **1. Общие положения**<br><br>1.1. Настоящее положение определяет порядок и регламент проведения конкурса «Современный преподаватель ОшГУ».<br>1.2. Организатором конкурса является Ошский государственный университет (ОшГУ). Ответственным за организацию и проведения конкурса является отдел ОКОМО. (Далее – организационный комитет)<br>1.3. Конкурс направлен на развитие творческой деятельности педагогических работников по обновлению содержания образования, повышение творческой активности, поддержку современных инновационных разработок и технологий, стимулирование достижений в образовательной деятельности, а также на утверждение приоритетов образования в обществе.<br>1.4. Конкурс имеет общеуниверситетский статус и проводится с целью:<br>- повышения качества высшего и среднего профессионального образования;<br>- формирования позитивного общественного мнения о современной системе профессионального образования;<br>- повышения профессионального мастерства педагогов;<br>- выявления талантливых преподавателей и раскрытия их творческого и профессионального потенциала;<br>- внедрения организации учебного процесса на основе компетентностного подхода.<br>1.5. Конкурс проводится по номинации «Современный преподаватель ОшГУ».<br>1.6. В конкурсе могут принимать участие штатные преподаватели ОшГУ со стажем педагогической работы не менее 5 лет, независимо от наличия или отсутствия ученой степени, на добровольной основе.<br>1.7. Информация о конкурсе размещается на сайте ОшГУ. |

| | |
|---|---|
| 1.8.Конкурска катышкан окутуучу 3 (үч) жылдан кийин кайрадан катыша алат.<br>1.9.Конкурстун жеңүүчүлөрү ОшМУнун ПО курамына алдынкы тажрыйбаны жайылтышат.<br><br>**II. Конкурсту уюштуруу жана өткөрүүнүн тартиби**<br><br>2.1.ОшМУнун сайтында "ОшМУнун заманбап окутуучусу" конкурсун өткөрүү жөнүндө кулактандыруу жарыяланат (октябрь айы).<br>2.2. Конкурс үч этапта жүргүзүлөт:<br>1-тур: "Кафедранын (бөлүмдүн, ПЦКнын) заманбап окутуучусу"<br>2-тур: "Факультеттин (институттун, колледждин) заманбап окутуучусу"<br>3-тур: "ОшМУнун заманбап окутуучусу"<br>**1-тур**: кафедралык тур (ноябрь-декабрь): кафедра мүчөлөрү конкурска катышып жаткан талапкерлердин окуу-методикалык документациясын жана сабактарын анализдеп "Кафедранын (бөлүмдүн, ПЦКнын) заманбап окутуучусун" аныкташат;<br>**2-тур**: факультеттик (институттук, колледждик) тур (январь-февраль): факультеттин (институттун, колледждин) эксперттик тобу кафедралардан аныкталган мыкты окутуучулардын сабактарына катышышат, анализдешет. "Окутуучу студенттин көзү менен" анкетирлөөсүнүн натыйжаларын эске алышат. Жыйынтыгында "Факультеттин (институттун, колледждин) заманбап окутуучусун" аныкташат жана университеттик турга 1 (бир) талапкерди сунушташат;<br>**3-тур**: университеттик тур (март-апрель): эки этап менен өтөт – тандоо жана финалдык. 3-турга талапкерлер тиркемелерде көрсөтүлгөн документацияларды тапшырышат. Эксперттик комиссиянын мүчөлөрү конкурсанттардын сабактарына катышып, анализдейт. Тандоо турунда конкурсанттардын сабагы жадыбалга туура келиши каралат жана | 1.8. Преподаватель, принявший участие в конкурсе, может повторно участвовать через 3 (три) года.<br>1.9. Победители конкурса распространяют передовой опыт среди профессорско-преподавательского состава ОшГУ.<br><br>**II. Порядок организации и проведения конкурса**<br><br>2.1. На сайте ОшГУ публикуется объявление о проведении конкурса «Современный преподаватель ОшГУ» (в октябре).<br>2.2. Конкурс проводится в три этапа:<br>1 тур: «Современный преподаватель кафедры (отдела, ПЦК)»<br>2 тур: «Современный преподаватель факультета (института, колледжа)»<br>3 тур: «Современный преподаватель ОшГУ»<br>**1 тур:** кафедральный этап (ноябрь–декабрь): члены кафедры анализируют учебно-методическую документацию и занятия кандидатов, участвующих в конкурсе, и определяют «Современного преподавателя кафедры (отдела, ПЦК)»;<br>**2 тур:** факультетский (институтский, колледжа) этап (январь-февраль): экспертная группа факультета (института, колледжа) посещает и анализирует занятия лучших преподавателей, отобранных кафедрами. Учитываются результаты анкетирования «Преподаватель глазами студента». В результате определяется «Современный преподаватель факультета (института, колледжа)» и выдвигается 1 (один) кандидат на университетский этап;<br>**3 тур:** университетский этап (март-апрель): проводится в два этапа – отборочный и финальный. Участники 3-го тура представляют документацию, указанную в приложениях. Члены экспертной комиссии посещают и анализируют занятия конкурсантов. На отборочном этапе проверяется соответствие занятия расписанию, а также анализируется документация (УМК), после чего отбираются участники финального этапа. Экспертная комиссия подсчитывает суммарные баллы, набранные 4 (четырьмя) финалистами в отборочном и финальном этапах (включая мастер-класс), и на |

| | |
|---|---|
| документациясы (ОМК) талдоого алынып, финалдык этаптын катышуучулары тандалат.<br>Эксперттик комиссия тандалган 4 (төрт) финалисттин тандоо жана финалдык турундагы (мастер-класс боюнча) топтогон жалпы баллдарынын суммасын эсептеп чыгарат жана анын негизинде “ОшМУнун заманбап окутуучусу” номинациясына татыктуусун аныктайт.<br><br>2.3.Конкурсту уюштуруу жана өткөрүү боюнча 1-2-турларында факультеттин (институттун, колледждин) деңгээлиндеги уюштуруу комитети жана эксперттик топтун курамы түзүмдүн ОМКсынын төрага/төрайымдары тарабынан аныкталат. 3-турун өткөрүү боюнча уюштуруу комитети тарабынан университеттин деңгээлиндеги эксперттик комиссия түзүлөт, аны ОшМУнун ректору бекитет.<br>2.4. Эксперттик комиссияны төрага (төрайым) жетектейт, ал жок учурда анын орун басары иш алып барат.<br>2.5. Экинчи турдун жыйынтыгы боюнча конкурска катышууга талапкер төмөндөгү документтерди уюштуруу комитетине басма жана электрондук түрдө (mrazykova@oshsu.kg ) көрсөтүлөт:<br>- талапкерди конкурска катышууга көрсөтүү жөнүндө факультеттин Окуу-методикалык кеңешинин, Окумуштуулар кеңешинин протоколунун негизделген чечиминин көчүрмөсү;<br>- конкурска катышуу үчүн арыз (1-тиркеме);<br>- конкурсанттын электрондук портфолиосу (2-тиркеме - резюме, окуу-методикалык, илимий, коомдук, тарбиялык, насаатчылык иштери жөнүндө маалыматтар, сертификаттары жана сыйлыктары);<br>- практикалык (семинардык, лабораториялык) сабактын окуу-усулдук материалдар менен жабдылышы (силлабус, өткөн сабактын иштелмеси, баалоо критерийлери) кагаз түрүндө тапшырылат;<br>- “Окутуучу студенттин көзү менен” анкетирлөөсүнүн жыйынтыгы; | основании этого определяет победителя в номинации «Современный преподаватель ОшГУ».<br><br>**2.3.** Для организации и проведения 1–2 туров формируются организационный комитет и экспертная группа на уровне факультета (института, колледжа), состав которых определяется председателями учебно-методических комиссий соответствующих структур. Для проведения 3-го тура создаётся организационный комитет на уровне университета, который утверждается ректором ОшГУ.<br><br>**2.4.** Экспертную комиссию возглавляет председатель, а в его отсутствие обязанности выполняет заместитель.<br><br>**2.5.** По итогам второго тура кандидат, претендующий на участие в конкурсе, предоставляет в организационный комитет следующие документы в печатном и электронном виде (mrazykova@oshsu.kg ):<br><br>• копию обоснованного решения учебно-методического совета и ученого совета факультета о выдвижении кандидата на конкурс;<br>• заявление на участие в конкурсе (приложение 1);<br>• электронное портфолио конкурсанта (приложение 2 — резюме, сведения об учебно-методической, научной, общественной, воспитательной и наставнической деятельности, сертификаты и награды);<br>• учебно-методическое обеспечение практического (семинарского, лабораторного) занятия (силлабус, разработка проведенного занятия, критерии оценки) — в печатном виде;<br>• результаты анкетирования «Преподаватель глазами студента»;<br>• члены экспертной комиссии посещают и анализируют проведенные практические (семинарские, лабораторные) занятия кандидата, представленного факультетом, и своевременно объявляют набранные баллы. Видеозаписи занятий победителей размещаются на сайте. |

| | |
|---|---|
| - эксперттик комиссиянын мүчөлөрү факультеттен сунушталган конкурсанттын өткөн практикалык (семинардык, лабораториялык) сабактарын көрүшүп, анализдешет жана өз учурунда анын сабактан топтогон баллын угузушат. Жеңүүчүлөрдүн видеосабактары сайтка жүктөлөт.<br>2.6. Конкурстун уюштуруу комитетинин милдеттери жана укуктары:<br>- конкурсту өткөрүүнүн тартибин, формасын жана мөөнөттөрүн аныктайт;<br>- конкурска талапкерлер тарабынан көрсөтүлүүчү материалдардын жасалгасына коюлуучу талаптарды аныктайт;<br>- конкурска тапшырылган материалдардын мазмунун жана аларды баалоонун нормаларын, критерийлерин иштеп чыгат;<br>- конкурстун эксперттиктобунун курамын түзөт, алардын ишинин регламентин аныктайт;<br>- конкурстун финалисттерин жана жеңүүчүлөрүн жарыялайт;<br>- конкурсту университеттин сайтына жарыялоону, маалыматтык материалдарды чыгарууну камсыздайт;<br>- эксперттик топтун курамынан 3 кишиден кем эмес эсептөө комитети түзүлөт;<br>2.7.Конкурсту өткөрүүдөгү принциптер:<br>• ачыктык;<br>• объективдүүлүк;<br>• ыктыярдуулук;<br>• кесиптик этиканын нормаларын сактоо.<br><br>**III. «ОшМУнун заманбап окутуучусу» конкурсунун катышуучуларынын укуктары жана милдеттери**<br><br>3.1.Конкурстун катышуучусу арыздарды кабыл алуунун акыркы мөөнөтү аяктаганга чейин конкурстун эксперттик комиссияга жазуу жүзүндө билдирүү менен өзүнүн арызын чакыртып алууга же өзгөртүүгө. | 2.6.Обязанности и права организационного комитета:<br>- определяет порядок, форму и сроки проведения конкурса;<br>- устанавливает требования к оформлению материалов, представляемых участниками;<br>- разрабатывает содержание представленных материалов, а также нормы и критерии их оценки;<br>- формирует состав экспертной группы и определяет регламент ее работы;<br>- объявляет финалистов и победителей конкурса;<br>- обеспечивает публикацию информации о конкурсе на сайте университета и выпуск информационных материалов;<br>- формирует счетную комиссию не менее чем из 3 человек из состава экспертной группы.<br><br>**2.7.** Принципы проведения конкурса:<br>• открытость;<br>• объективность;<br>• добровольность;<br>• соблюдение норм профессиональной этики.<br><br>**III. Права и обязанности участников конкурса «Современный преподаватель ОшГУ»**<br><br>3.1. Участник конкурса имеет право до истечения установленного срока приема заявок отозвать или внести изменения в свою заявку путем подачи письменного уведомления в экспертную комиссию конкурса. |

| | |
|---|---|
| 3.2. Конкурстун шарттары менен таанышуу жана сынактын жүрүшү тууралуу маалымат, кеңештерди алууга.<br>- ушул Жободо аныкталган тартипте сынакка катышууга;<br>- конкурстун шарттары жөнүндө маалымат алууга;<br>- конкурстун “жеңүүчүсү” деп табылган учурда сыйлык алууга;<br>3.3. Жеңүүчү байгени өз каалоосу боюнча колдонууга;<br>3.4. Эксперттик топтун мүчөлөрүнүн ишине канааттанбаган учурда, эксперттик топтун төрагасына даттанууга (апелляцияга бере алат). Бул учурда эксперттик топ кошумча окуу-усулдук документтердин электрондук бекитилген вариантын талап кылат.<br>**Катышуучу төмөнкүлөргө милдеттүү:**<br>3.5. Ушул Жобонун талаптарын сактоого, анын ичинде белгиленген мөөнөттө сынакка катышууга байланыштуу бардык аракеттерди жасоого;<br>3.6. Конкурстун катышуучусу ушул Жободо аныкталган конкурстун эрежелерин так сактоого.<br><br>**IV. Конкурстун финалдык этабы**<br>4.1. Конкурстун финалдык этабын өткөрүү тартибин уюштуруу комитети аныктайт.<br>4.2. Конкурстун финалисттери төмөнкү милдеттүү конкурстук тапшырмаларды аткарышат:<br>• кесиптик жогорку, кесиптик орто билим берүүнүн учурдагы тенденцияларын чагылдырган мастер-класс (20 минуттан ашпаган) өткөрүшөт (4-тиркеме);<br>• дисциплинанын окуу-методикалык комплексин көрсөтүшөт.<br>4.3. Финалдык турдун конкурстук тапшырмаларын уюштуруу комитетинин чечими менен аныкталган эксперттик комиссия баалайт.<br>4.4. Эксперттик комиссиянын ишин уюштуруу комитетинин төрагасы (төрайымы) жетектейт.<br>4.5. Эксперттик комиссиянын функциялары: | 3.2. Ознакомиться с условиями конкурса, а также получить информацию о порядке проведения конкурса.<br>- участвовать в конкурсе в порядке, установленном настоящим Положением;<br>- получать информацию об условиях конкурса;<br>- получить награду в случае признания победителем конкурса.<br>3.3. Победитель вправе использовать полученный приз по своему усмотрению.<br>3.4. В случае неудовлетворенности работой членов экспертной группы участник вправе обратиться с жалобой (апелляцией) к председателю экспертной группы. В этом случае экспертная группа вправе запросить дополнительные электронные утвержденные варианты учебно-методических документов.<br><br>**Участник обязан:**<br><br>3.5. Соблюдать требования настоящего Положения, в том числе своевременно выполнять все действия, связанные с участием в конкурсе.<br>3.6. Строго соблюдать правила конкурса, установленные настоящим Положением.<br><br>**IV. Финальный этап конкурса**<br>4.1. Порядок проведения финального этапа конкурса определяется организационным комитетом.<br>4.2. Финалисты конкурса выполняют следующие обязательные конкурсные задания:<br>• проведение мастер-класса (продолжительностью не более 20 минут), отражающего современные тенденции высшего и среднего профессионального образования (Приложение 4);<br>• представление учебно-методического комплекса дисциплины.<br>4.3. Оценивание конкурсных заданий финального тура осуществляется экспертной комиссией, состав которой утверждается решением организационного комитета. |

| | |
|---|---|
| • конкурстанттардын кесиптик жана чыгармачыл жөндөмдөрүнө критерийлердин негизинде баа берет;<br>• ачык добуш берүү менен, топтолгон баллдардын негизинде конкурстун жеңүүчүсү жөнүндө чечим чыгарат.<br>4.6. Эксперттик комиссиянын курамындагы тизме боюнча анын жарымынан көп мүчөсү катышкан отурумунда кабыл алынган конкурстун жеңүүчүсү жөнүндө чечими укуктуу болуп эсептелет.<br>4.7. Конкурстун жыйынтыгын чыгаруу үчүн эксперттик комиссиянын чечимине төрага кол тамга койгон протоколу уюштуруу комитетине тапшырылат.<br><br>**V. Конкурстун жеңүүчүлөрүн жана финалисттерин сыйлоо**<br><br>5.1. Конкурстун катышуучуларына сертификаттар тапшырылат.<br>5.2. Конкурстун финалисттери дипломдор менен сыйланышат.<br>5.3. “ОшМУнун заманбап окутуучусу” конкурсунун жеңүүчүлөрүнө диплом жана акчалай сыйлык берилет:<br>I орун – 50 000 (элүү миң сомдон кем эмес)<br>II орун – 40 000 (кырк миң сомдон кем эмес)<br>III орун – 30 000 (отуз миң сомдон кем эмес)<br>IV орун – Ысык-Көлгө жолдомо (5 күнгө)<br><br>***Эскертүү:***<br>*Конкурска жөнөтүлүүчү бардык материалдар кыргыз же орус тилдеринде кагаз жана электрондук түрүндө тапшырылат. Жеңүүчүлөрдүн электрондук документтери ОСМКБнын сайтында сакталат. Кагаз түрүндөгү материалдар конкурсанттарга кайтарылып берилет.* | 4.4. Работу экспертной комиссии организует и координирует председатель организационного комитета.<br>4.5. Функции экспертной комиссии:<br>• осуществляет оценку профессиональных и творческих компетенций конкурсантов на основании установленных критериев;<br>• принимает решение о победителе конкурса на основе суммарного количества набранных баллов путём открытого голосования.<br>4.6. Решение о признании победителя конкурса считается правомочным, если оно принято на заседании экспертной комиссии при участии более половины её членов от утверждённого состава.<br>4.7. По итогам конкурса экспертная комиссия оформляет протокол заседания, подписанный председателем, который передаётся в организационный комитет для подведения итогов конкурса.<br><br>**V. Награждение победителей и финалистов конкурса**<br><br>5.1. Участникам конкурса вручаются сертификаты.<br>5.2. Финалисты конкурса награждаются дипломами.<br>5.3. Победителям конкурса «Современный преподаватель ОшГУ» вручаются дипломы и денежные премии:<br>• I место – 50 000 сом (не менее пятидесяти тысяч сом);<br>• II место – 40 000 сом (не менее сорока тысяч сом);<br>• III место – 30 000 сом (не менее тридцати тысяч сом);<br>• IV место – путёвка в Иссык-Куль (на 5 дней).<br><br>***Примечание:***<br>*Все материалы, представляемые на конкурс, подаются на кыргызском или русском языке в бумажном и электронном виде. Электронные документы победителей хранятся на сайте ОКОМО. Бумажные материалы возвращаются конкурсантам.* |

**1-тиркеме**

Конкурстун уюштуруу комитетине

________________________________

(кафедра, кызмат орду)

________________________________

________________________________

(аты-жөнү)

________________________________

А Р Ы З

Мени “ОшМУнун заманбап окутуучусу” конкурсуна катышуучулардын тизмесине кошуп коюуну суранам.

Конкурска катышууга төмөнкүлөр негиз болот:

- Факультеттин окуу-методикалык кеңешинин протоколунан көчүрмө
- Факультеттин окумуштуулар кеңешинин протоколунан көчүрмө.

Кол тамга: _________________

2024-ж. “___” _______________

**2-тиркеме**

**“ОшМУнун заманбап окутуучусу” конкурсуна катышуучунун электрондук портфолиосу**

Катышуучунун аты-жөнү: ______________________________________________________________

Окуткан дисциплинасы: ______________________________________________________________

Окумуштуулук даражасы, наамы, кызматы:
______________________________________________________________
______________________________________________________________

Педагогикалык стажы: ______________________________________________________________

Байланыш малыматтары:

Моб.телефон: ________________________

E-mail: ________________________________

- резюме;
- окуу-методикалык багытта аткарган иштери;
- илимий жетишкендиктери;
- коомдук, тарбиялык, насаатчылык иштери;
- сертификаттары жана сыйлыктары.

***Эскертүү:*** *маалыматтар акыркы 3 жыл ичиндеги болушу керек*

**3-тиркеме**

**Эксперттик топтун мүчөлөрүнүн "ОшМУнун заманбап окутуучусу" конкурсунун финалдык туру боюнча баалоо барагы**

____________________________________________

(талапкердин аты-жөнү)

| К.№ | Баалоо көрсөткүчтөрү | Баалоо критерийлери | | | Балл менен бааланышы |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **5 балл** | **4 балл** | **3 балл** | |
| | | **1. Сабактын уюштурулушу** | | | |
| 1.1. | Мотивация | Сабактагы эмоциялуулук, мазмундуулук жогору, социалдык аспектер – студент өзү, кесиби үчүн окуу материалынын маңызы бар экендигин аңдап түшүнөт. | Сабакта эмоциялуулук, мазмундуулук байкалат, бирок ал, толугу менен студенттеги социалдык аспектилерди калыптандырууда жетишсиз | Сабакта эмоциялуулук жок, мазмундуулук - тапшырманы суроо-жооп иретинде гана камсыздалат | |
| 1.2. | Сабакта максаттын коюлушу | Сабактын максатын окутуучу түзгөн жагдайынын негизинде студенттер аныктайт | Сабактын максатын окутуучу студенттер менен чогуу талкуулайт | Сабактын максатын окутуучу гана аныктайт | |
| | | **2. Сабактагы иш аракеттердин мүнөзү** | | | |
| 2.1. | Окуу тапшырмаларынын мүнөзү | Изденүүчү, чыгармачыл. Талкуу жана анализдин натыйжасында жаңы идеяларды пайда кылууга шарт түзөт | Продуктивдүү өз алдынча иш менен коштолот, тыянактар чыгарууну талап кылат. | Репродуктивдүү. Окутуучунун же студенттин маалымат берүүсү менен гана чектелет. | |
| 2.2. | Студенттердин таанып-билүү ишмердигин башкаруу жана сабактагы ишмердиктин мүнөзү | Студент проблеманы өз алдынча табат, формулировкалайт, планын иштеп чыгат, аракеттерди аткаруу үчүн ресурстарды табат жана алынган натыйжалардын байланыштуулугун караштырат. | Студент максатка жетүүнүн жолдорун окутуучу менен макулдашып аныктайт, өзүнүн андан-аркы ишмердигин божомолдойт, аракеттерди аткаруу үчүн ресурстарды табат. | Студент окутуучунун көрсөтмөсү менен таанып-билүү ишмердигин жүргүзөт, коштоочу суроо-тапшырмалардын жардамы менен натыйжага жетет. | |
| 2.3. | Студенттердин коммуникациясы | Сүйлөө речинин нормаларын жана топто иштөө процедураларын сакташат. Коюлган максатка ылайык коммуникация каражаттарын пайдаланышат. | Сүйлөө речинин нормалары толук сакталбайт, бирок топтун ишин макулдашып, натыйжага жетүүгө аракет жасашат. | Сүйлөө речинин нормалары толук сакталбайт, топто иштөө учурунда бири-бирине жолтоо болушат. | |
| 2.4. | Сабактагы кайтарым байланыштын | Кайтарым байланыш атайын билим берүү чөйрөсү катары | Окутуучу студенттин маалыматты ар түрдүү ыкма менен | Контролдоо деңгээлиндеги кайтарым байланыш | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | уюштурулушу, рефлексия. | каралып, натыйжанын да, ишмердиктин да рефлексиясы эске алынат. Сабактын натыйжасын обьективдүү анализдешет жана ишмердиктин натыйжаларынын субьективдүү маанисин аныкташат | кабылдоосун эске алат. Сабактын ишмердик процессин, натыйжасын талкуулашат. | уюштурулат (окутуучу сурайт, студент жооп берет). | |
| **3. Сабак өтүүнүн технологиялары, методдору** | | | | | |
| 3.1. | Колдонулган методдордун эффективдүүлүгү, коюлган максаттарга шайкештиги | Компетенцияларды калыптандырууга багытталган технологиялары, сынчыл ойломду өстүрүү технологиялары, интерактивдүү методдору колдонулат, проблемдүү, изилдөөчү иш аракеттин жүрүшүндө эвристикалык идеялар, пландаштырылган натыйжалар алынат. | Компетенцияларды калыптандырууга багытталган технологиялар, интерактивдүү методдор аркылуу коюлган максаттарга жетүүгө шарт түзүлөт, проблемдүү баяндоонун элементтери сакталат. Пландаштырылган окутуунун натыйжаларын, компетенцияларды калыптандыруу аракети бар. | Компетенцияларды калыптандырууга багытталган технологиялары, интерактивдүү методдорун колдонуунун элементтери бар, бирок, коюлган максатка жетүүгө шарт толук түзүлбөйт. | |
| 3.2. | Жаңычыл технологиялар-дын колдонулушунун эффективдүүлү-гү үчүн жасалма акылдын тиркемелерин ж.б. билим берүү интернет сервистерин колдонуусу | Информациялык технологиялары жана жасалма акылдын тиркемелерин ж.б. билим берүү интернет билим берүү сервистерин (презентация, интерактивдүү доска, окутуу программалары) эффективдүү пайдаланылат, проекттик ишмердик, кесиптик жагдайлардын анализи чагылдырылат. | Информациялык технологиялар пайдаланылат, проекттик ишмердиктинжасалма акылдын тиркемелерин ж.б. билим берүү интернет билим берүү сервисеринин элементтери колдонулат. | Информациялык технологиялар сабак учурунда пайдаланылбайт, кесиптик жагдайлардын мисалдары гана талкууланат. | |
| **4. Сабактын жыйынтыгы** | | | | | |
| 4.1. | Компетенцияларды калыптандыруу | Темага байланышкан компетенцияларды калыптандыруу боюнча атайын так, түшүнүктүү иш-аракет уюштурулат, компетенциялар калыптанат. Компетенцияларды калыптандырууга багытталган | Компетенцияларды калыптандырууга багытталган проблемдүү тапшырмалар коюлат, бирок, иш аракетти аткарууга так көрсөтмөлөр жок, компетенциялардын бир бөлүгү калыптандырылат | Компетенцияларды калыптандырууга багытталган иш аракет жасалат, бирок, солгун, окутуунун натыйжалары эске алынбайт | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | тапшырмалардын системасы түзүлгөн. | | | |
| 4.2. | Студенттердин жетишкендиктерин баалоо системасы | Студенттердин жетишкендиктери критерийлердин негизинде өздүк бааланат, жооптор талкууланат. Баалоо каражаттарынын фонду түзүлгөн. (БКФ) | Студенттердин жетишкендиктерин баалоо критерийлери студенттер менен биргеликте аныкталат. БКФ түзүлгөн. | Студенттердин жетишкендиктерин окутуучу өз алдынча баалайт, комментарийленбейт БКФ түзүлгөн эмес. | |
| 4.3. | Сабактын натыйжалуулугу | Сабактын натыйжалуулугу окутуучу түзгөн жагдайынын негизинде студенттер аныктаган максатка толук дал келет | Сабактын натыйжалуулугу окутуучу студенттер менен аныктаган максатка дал келет | Сабактын натыйжалуулугу окутуучу аныктаган максатка дал келет | |
| 4.4. | Тапшырманын берилиши | Тапшырма оптималдуу, чечүүнү талап кылган проблемдуу суроолорду камтыйт. | Тапшырма дифференцирленген мүнөздө | Тапшырмалар компетенттүүлүккө багытталган, кошумча маалыматтарды талап кылат | |
| 4.5. | Убакыттын этаптарга бөлүштүрүлүшү | Убакыт сабактын ар бир этабына карата оптималдуу бөлүштүрүлгөн | Убакыт сабактын кээ бир этабына ашыкча бөлүштүрүлгөн, студенттердин тапшырма аткаруусуна дал келбей калган. | Убакыт сабактын этаптарынын өзгөчөлүктөрүн эске албай бөлүштүрүлгөн | |
| **5.Окутуучунун кесиптик деңгээли** | | | | | |
| 5.1. | Кеп маданияты | Кеп маданияты так, туура, уккулуктуу, тизмектүү баяндайт. Ачык-айкын лексикалык сөз байлыгына ээ. Суроолорду так формулировкалай билет. | Кеп маданияты так, тизмектүү, бирок ачык-айкын жана уккулуктуу эмес. Суроолорду берүүдө кошумча маалыматтарга көп таянат. | Сүйлөө речи так эмес, ашыкча кайталоолорго жол берет | |
| 5.2. | Аудитория менен байланыш түзүү жөндөмү | Аудитория менен байланыш эң жакшы түзүлгөн. Окутуунун натыйжасына жетүү үчүн тапшырмаларды жеткиликтүү деңгээлде бере алат. Окутуучу студенттердин сый урматына ээ. | Аудитория менен байланыш иштиктүү мамиледе гана түзүлгөн. Тапшырмалардын деңгээли окутуунун натыйжаларына жетүүнү толугу менен камсыздабайт. | Аудитория менен байланыш солгун деңгээлде, кайтарым байланыш норма катары эсептелбейт | |
| **6. Окуу-усулдук камсыздалышы** | | | | | |
| 6.1. | Практикалык (семинардык, лабораториялык) сабактын окуу-усулдук материалдар менен | Практикалык (семинардык, лабораториялык) сабактын окуу-усулдук материалдар менен толук жабдылышы, алардын эффективдүү | Практикалык (семинардык, лабораториялык) сабактынокуу-усулдук материалдар менен толук жабдылышы, алардын колдонулушу | Практикалык (семинардык, лабораториялык) сабактын окуу-усулдук материалдары толук болбосо, сабактын | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | жабдылышы (силлабус, өткөн сабактын иштелмеси, баалоо критерийлери ж.б.) | колдонулушу, сабактын жүрүшү иштелме менен дал келиши. | жакшы натыйжа бербесе, сабактын жүрүшү иштелме менен дал келиши. | жүрүшүнүн айрым этаптары иштелме менен дал келбесе. | |
| **Жалпы: (80 баллдан ашпайт)** | | | | | |

Эксперттин аты-жөнү _________________________________ _____________

*(кол тамгасы)*

“____”_______________2024-жыл

**4-тиркеме**

**“ОшМУнун заманбап окутуучусу ” конкурсунун финалдук турунда мастер-классты баалоо барагы**

Финалисттин аты-жөнү: _______________________________________________________

Кафедра/бөлүм: _______________________________________________________________

Мастер-класстын темасы:_______________________________________________________

| № | **Критерийлер** | **Мазмуну** | **Упайы** |
|---|---|---|---|
| 1 | Педагогикалык чеберчилик | Максаттардын айкындыгы; заманбап билим берүү талаптарына шайкештиги, логикасы жана структурасы; түшүндүрмөнүн болушу; аудиторияны эске алуусу | 4 |
| 2 | Методикалык даярдыгы | ОМК (окуу-методиклык комплекси), стандарттарга шайкеш келүүсү; методдордун негиздүүлүгү; методологиялык концепциянын болушу | 4 |
| 3 | Интерактивдүүлүк, инновация жана чыгармачылык | Заманбап технологияларды колдонуу жана жүзөгө ашыруунун натыйжалуулугу, санариптик технологияларды (интерактивдүү ыкмалар, санарип куралдар) колдонуу, презентациянын оригиналдуулугу | 4 |
| 4 | Сүйлөө чеберчилиги | Материалдын баяндалышынын оригиналдуулугу жана мазмундуулугу, сүйлөө речинин, ойду жеткирүүнүн ачыктыгы, логикалык ырааттуулугу, сабаттуулугу, педагогикалык этика | 2 |
| 5 | Окутуу каражаттары | Презентациянын/материалдардын сапаты; ОТКнын (окутуунун техникалык каражаты) актуалдуулугу; оптималдуулугу | 2 |
| 6 | Рефлексия жана жыйынтык | Жыйынтыктоо; рефлексияны уюштуруу; максаттарга кайтуу | 2 |
| 7 | Тайм-менеджмент | Регламентке ылайык келүү; убакытты рационалдуу пайдалануу | 2 |
| | Жалпы | | 20 |

Эксперттин аты-жөнү__________________________________________ колу _______________

**Эксперттин аты-жөнү ____________________________ __________________**

*(кол тамгасы)*

**2025-жыл “____”__________**